# Алманбет баатырдын Манаска кошулганы

- Ай талаада баратып,
- Ачалбарс кылыч тааптыр.
- Берен Манас кылычты
- Белине бекем тагыптыр.
- Жолдо бара жатканда,
- Жанында албарс кылычы
- Жолборс болуп калганы,
- Соңунан ээрчип Манастын
- Жолдош болуп алганы.
- Ал аңгыча жолборсу
  Ак туйгун болуп кубулду.
- Абалап учса асманга
- Алпкаракуш сүрү бар.
- Кайра конуп колуна
- Кубанта турган түрү бар.

- Айтылган түштү чечен Ажыбай жоруйт.
- Кайыпчынын мазарын жаны ашканда ага көзү ачыла элек Кумайык жолугат.
- Бакай Кумайыкты ким багышы керектигин айтат.

# №2

- Алманбет – 28 жаштагы баатыр, боорукер адам. Боорукердик сапаты ызгыч кушту жарадар кылып, сүйлөшүп жаткан жеринде көрүнөт:
- Тийбегин десем, болбодуң?
- Титиреп жолум тородуң.
- Тийгенден кана оңгонуң?
- Сенден бетер мен дагы,
- Ажалга байлап башымды,
- Алымды билбей оңбодум.
- Калбасын жетим балдарың,
- Бейкүнөө жанга тийбей жүр,
- Канатыңды оңдоюн.

# №3

- Манас абдан акылдуу, адамдын жан-дүйнөсүн сезе билген, жакындарына акылды айта билген нускалуу адам болгон. Баатырдын мындай сапаты Алманбетти тосууда көрүнөт:
- Аздырбай алып калыштын,
- Акылын ойло баатырлар!
- Айрылып калып Көкчөдөй,
- Арманда болуп бөксөрбөй,
- Жергенде жүрсө жектебей,
- Окус жаман иш кылса,
- Осол көрүп кектебей,
- Чоголдук кылса көтөрүп,
- Кейишке салса кечирип,
- Бүлүндүрсө былк этпей
- Түтөөрдүн камын кылыңар!

# №4

- Алманбеттин келе турганы Чыйырдынын түшүнө кирип, белги берген:

- Манасым он беш жашында
- Жуманын түнү түш көрсөм,
- Алманбет жүргөн кашында.
- “Акыры келээр балам” деп,
- Ойлончумун дайыма.

# Манастын Каныкейге үйлөнгөнү

- Манас атасына кыз издөөнү суранат да, алчу кызы кандай болушу керектигин төмөнкүдөй баяндайт:
- Эрке талтаң ээн өскөн
- Жалгыз кыздан болбосун.
- Акылга дыйкан айлалуу,
- Ааламга толук пайдалуу,
- Көңүлү сылык, пейли кең,
- Төрт тарабы болгон тең,
- Жылдызы ысык, жылуу сөз,
- Чырагы жарык, жоодур көз,
- Акыл менен эр баккан,
- Ыйман менен эл баккан
- Ойротто жок уз болсун,
- Ою терең кыз болсун!

# Каныкейдин сүрөттөлүшү

- Санирабийга кыз экен,
- Сап сулуунун өзү экен,
- Чылк алтындан жыгасы
- Оң чекеде кырданып,
- Акыл толгон кези экен.
- Олоңдой кара чачы бар,
- Келишкен кара кашы бар,
- Жазык маңдай, кара көз,
- Жатык тилдүү ширин сөз,
- Аркасы кайкы, аркар төш,
- Ай чырайлуу, бото көз
- Кызылдуу жүзү нурданган,
- Кыпча бели буралган.

# Манастын сүрөттөлүшү

- Алтын менен күмүштүн
- Ширөөсүнөн бүткөндөй,
- Асман менен жериңдин
- Тирөөсүнөн бүткөндөй,
- Айың менен күнүңдүн
- Бир өзүнөн бүткөндөй,
- Алды калың кара жер
- Жерлигинен түткөндөй,
- Ай алдында дайранын
- Толкунунан бүткөндөй,
- Абадагы булуттун
- Салкынынан бүткөндөй.
- Асмандагы ай, күндүн
- Жаркынынан бүткөндөй
- Башкача артык жан экен.